733.

БЕКИТЕМ
Кыргыз Республикасынын
Саламаттык сактоо министрлигинин
Дары-дармектер жана медициналык
техникалар менен камсыздандыруу
департаментинин башкы
директорунун биринчи орун басары
Джусупова Дж. Дж. ________________
«17» ______________ 20 17 ж.

**ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА**

**ЦИННАБСИН**
**(CINNABSIN®)**

**Каттоо номери**________________________

**Соодадагы аталышы:** Циннабсин
**Эл аралык патенттелбеген аталашы:** жок
**Дарынын түрү** Таблеткалар

**Дары каражатынын курамы**
1 таблеткада (250 мг) төмөнкүлөр камтылган:
*таасир берүүчү заттар:* Cinnabaris (киноварь) D3 25 мг, Echinacea (эхинацея) D1 25 мг, Hydrastis (канадалык сары тамыр) D3 25 мг, Kalium bichromicum (калий бихроматы) D3 25 мг;
*көмөкчү заттар:* лактоза моногидраты, магний стеараты, буудай крахмалы.

**Сүрөттөмөсү**
Жалпак цилиндр формасындагы, сызыкчасы менен, анча көп эмес кырбычаларга жол берилет, ак же дээрлик ак түстөгү таблеткалар.

**Фармадарылык тобу**
Гомеопатикалык каражат.
АТХ коду: R01B.

**Фармакологиялык касиети**

Гомеопатикалык дарылоо ооруну түшүнүү жана дарылык субстанцияларды колдонууга карата элдик медицинадан дээрлик айырмаланып турат. Гомеопатикалык каражат организмдин өзүнүн коргоо күчүн жөнгө салат жана ушундай жол менен анын өзүн өзү дарылоо потенциалын активдештирет. Организмдин гомеопатикалык каражатка жообу өз алдынча жеке болуп саналат. Мына ушул себептен дозоспецификалык фармакологиялык натыйжалар, фармакодинамикалык же фармакокинетикалык маалыматтар ныкталышы мүмкүн эмес.

**Көрсөтмө**

Курч жана өнөкөт риносинусит.

**Колдонуу жолу жана дозалоо**

*Колдонуу ыкмасы*

Таблеткаларды тамака чейин жарым саат мурун же тамак ичкенден жарым саат кийин, ооздо жаай ээрип кеткидей кылып кабыл алуу керек. Кичинекей балдарга анча көп эмес көлөмдөгү сууга таблетканы эритүү сунушталат (мисалы, чай кашыкта).

Чоңдор: курч абалдарда ар бир саатта 1 таблеткадан кабыл алуу керек, эң көп күнүнө 12 таблеткадан, жакшы болгонго чейин. Андан кийинки дарылоодо күнүнө 3 жолу 1-2 таблеткадан кабыл алуу керек.

*Педиатриялык тобу*

2 ден 5 жашка чейинки балдар:курч абалдарда – 1 таблеткадан жакшы болгонго чейин күнүнө 3 жолу. *Андан кийинки дарылоодо* күнүнө 3 жолу 1 таблеткадан кабыл алууну улантуу керек;

6 дан 11 жашка чейинки балдар: *курч абалдарда* – жакшы болгонго чейин 1 таблеткадан ар бир 2 саат сайын (бирок күнүнө 6 таблеткадан көп эмес). Андан кийинки дарылоодо күнүнө 3 жолу 1 таблеткадан;

12 жаш жана андан жогорку балдарда:курч абалдарда– ар бир саатта 1 таблеткадан (бирок 12 таблеткадан көп эмес) жакшы болгонго чейин. Андан кийинки дарылоодо күнүнө 3 жолу 1-2 таблеткадан.

Өнөкөт абалдарда балдар жана чоңдор күнүнө 3 жолу 1 таблеткадан кабыл алуу керек, сунушталган дарылоонун узактыгы – 4-6 жума.

Циннабсин 4 жумадан жогору дарыгер менен кеңешпестен кабыл алуу сунушталбайт.

**Кыйыр таасирлер**

Сейрек учурларда ичеги-карын бузулууларын жана теридеги исиркектерди кошкондо эң жогорку сезгичтүүлүк реакциялары болушу мүмкүн. Эхинацеяны камтыган башка дарыларды кабыл алган ооруулууларда аллергиялык реакциялар байкалган (теридеги исиркек, кычышуу, сейрек учурларда – беттин шишимиги, диспноэ, баш айлануу жана артериалдык басымдын төмөндөшү). Эхинацея атопикалык бейтаптардын арасында аллергиялык реакцияларды пайда кылышы мүмкүн (мисалы, калтырак басуу менен, нейродермит менен, аллергиялык астма менен жабыркаган бейтаптарда). Мындай

жагымсыз реакциялардын өнүгүүсүндө дарыны кабыл алууну токтотуу керек жана дарыгер менен кеңешүү зарыл.

Циннабсин дарысын кабыл алуудан кийин шилекейдин агуусу күчөсө дозаны төмөндөтүү сунушталат же дарыны кабыл алууну токтотуу керек.

Кандайдыр бир жагымсыз реакциялардын пайда болушунда дарыны кабыл алууну токтотуу керек жана дарыгерге кайрылуу зарыл.

***Эскертүү:*** Гомеопатикалык дары каражаттарын кабыл алууда убактылуу биринчи начарлоо болушу мүмкүн. Мындай учурда дарыны кабыл алууну токтотуу керек жана дарыгер менен кеңешүү зарыл.

**Каршы көрсөтмө**

Дарыны хромго, Echinacea жана башка оор түстүүлөргө же кандайдыр бир дарынын курам бөлүктөрүнө белгилүү жогорку сезгичтүүлүктө кабыл алууга болбойт. Циннабсин дарысын өнүгүп жаткан системдүү оорууларда, кургак учук, саркоидоз сыяктуу; ак кандуу букачар системдүү ооруларында (лейкемия жана лейкоздо), аутоиммундук оорууларда (мисалы, коллагендик ткандадын сезгенген ооруларында (коллагеноздордо), көңүл бурбаган унутчаактыкта), иммундук жетишсиздикте (АИЖС, АИВ-инфекция), иммунитеттин басаңдаткан абалында (мисалы органдарды трансплантация кылуудан кийин же баш мээнин трансплантациясында, химиотерапияда) же өнөкөт вирустук оорууларда колдонууга болбойт.

Дары 2 жашка чейинки балдарга жана кош бойлуу мезгилде каршы көрсөтүлгөн.

**Ашыкча доза**

Аныкталган эмес.

**Өзгөчө этияттуулук жана этияттуулук чаралары**

Дары лактозаны жана буудай крахмалын камтыйт, ошондуктан галактозаны сейрек тукум куучулук көтөрө албаган түрлөрү менен жабыркаган бейтаптарга, лактазанын жетишсиздиги же глюкозо-галактоздук мальабсорбция синдрому жетишсиздерге дарыны кабыл алууга болбойт. Буудай крахмалы глютенди камтышы мүмкүн, бирок бир гана аз сандарда, ошондуктан ал целиакиясы бар балдар үчүн кооптуу эмес. Буудайга аллергиясы бар бейтаптарга (целиакиядан айырмаланат) дарыны колдонууга болбойт.

Эгерде төмөнкү симптомдор пайда болсо дарыгердин кеңеши талап кылынат: беттин шишимиги, калтырак басуу же катуу баштын ооруусу, курч абалдын дарылоонун биринчи 2 күн бою сакталып калышы же начарлашы, ошондой эле кошумча даттануулардын пайда болушу.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**

Белгисиз. Зарыл болгон учурда каалаган башка дары каражаттарын чогуу бир убакта кабыл алууда дарыгер менен кеңешүү керек.

**Кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгилинде колдонуу**

Циннабсин кош бойлуулук мезгилде каршы көрсөтүлгөн, анткени ал Echinacea камтыйт. Бала эмизүү мезгилинде дарыны дарыгер менен алдын ала дарыгер менен кеңешкенден кийин гана кабыл алуу керек.

**Авто унааны башкарууда же башка механизмдер менен иштөөдө реакциянын ылдамдыгына таасир этүү жөндөмдүүлүгү**
Таасир этпейт.

**Жараактуулук мөөнөтү.**
5 жыл.
Таңгакчада көрсөтүлгөн жараактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт.

**Сактоо шарты**
25°C дан жогору эмес аба табында өзүнүн таңгакчасында сактоо керек. Балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Таңгакча**
ПВХ жана алюминийдүү фольгадан блистерде 20 таблеткадан. 5 блистер медицинада колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон кутуга капталат.

**Дарыканаларадан чыгаруу шарты**
Рецепти жок.

**Ишкана-өндүрүүчү**
Дойче Хомеопати-Унион
ДХУ-Арцнаймиттель ГмбХ & Ко. КГ
Германия, 76227 Карлсруэ,
Оттоштрассе 24
Тел. +49 (721) 40 93 236

Deutsche Homöopathie-Union
DHU-Arzneimittel GmbH & Co. KG
Germany, Karlsruhe 76227
Ottostrasse 24
Tel. +49 (721) 40 93 236

Доктор Вильмар Швабе ГмбХ & Ко. КГ
Вильмар-Швабе Штрассе 4, 76227 Карлсруэ, Германия
Тел. 49 (0)721 4005 0, +49 (0)721 40005 165

Dr. Willmar Schwabe
GmbH & Co. KG
Germany, 76227 Karlsruhe,
Willmar-Schwabe-Str. 4
Tel.: 49 (0)721 4005 0, +49 (0)721 40005 165

**Атайын өкүлү**
Альпен Фарма АГ, Берн, Швейцария